**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**Ош мамлекеттик университети**
Ош. ш., 723500, Ленин к.., 331,
Тел..: (+996 03222) 22273, факс: (03222) 24066

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**
**Ошский государственный университет**
г.Ош,723500, ул.Ленина, 331,
Тел.: (+996 03222) 22273, факс: (03222) 240660

## БУЙРУК/ПРИКАЗ

«01» 03. 2019-жыл №214 Ош шаары

**ОшМУда дистанттык билим берүү системасын киргизүү жана ага жооптууларды бекитүү жөнүндө**

Ош мамлекеттик университетин 2019-2024-жылдары өнүктүрүү концепциясына ылайык университетте өздүк дистанттык билим берүү системасын түзүү жана анын иштөөсүн камсыздоо максатында

БУЙРУК КЫЛАМЫН:

1. Ош мамлекеттик университетинде дистанттык билим берүү системасын түзүү жана өнүктүрүү концепциясы (2019-2024) бекитилсин;
2. Концепцияны ишке ашыруу үчүн атайын иш-чаралардын деталдуу Планы бекитилсин;
3. Концепцияны ишке ашыруу үчүн жумушчу тобу түзүлүп, алардын мүчөлөрү бекитилсин;
4. Иш-чаралардын деталдуу Планына ылайык багыттар боюнча иш алып баруу төмөнкү кызматкерлерге милдеттендирилсин:
   - Дистанттык билим берүүгө керектүү болгон окуу документтерин иштеп чыгуу жумушчу тобуна (А.БЕКМУРАТОВГО);
   - Окуу процессин пландоочу документтерди иштеп чыгуу (окуу планы, окуу процессинин графиги, семестрдик план, окуунун жадыбалдары, сынак ведомосттору, студенттин жеке карточкасы) - ОИДдин сырттан жана дистанттык окутуу бөлүмүнө (А.БЕКМУРАТОВГО),
   - Окуу-методикалык комплектерди иштеп чыгуу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдү даярдоо - ОИД (Р.АРАПБАЕВГЕ) АББСД (М. АЛТЫБАЕВАГА),
   - Белгиленген окуу-методикалык комплектердин контентин бардык дисциплиналар боюнча иштеп чыгуу, аларды редакциялоо жана техникалык тапшырмаларга ылайык кабыл алуу - тиешелүү кафедра башчыларына жана ОИД (Р.АРАПБАЕВГЕ),
   - Электрондук библиотеканы түзүү жана дистанттык окутууну программалык-апараттык камсыздоо - санариптештирүү борборуна (А. ОМАРАЛИЕВГЕ)
   - «AVN» Информациялык системасынын дистанттык технологияларды колдонуу боюнча атайын функцияларын күчтөндүрүү ОИД (Т, ИБРАИМОВ, М, ЭРГЕШОВГО)
   - Студенттер үчүн тест системасынын техникалык камсыздоо программасын түзүү – IT академияга (У. МОЛДОЯРОВГО)
   - Окутуучуларды дистанттык окутууга кайра даярдоо, квалификациясын жогорулатуу курстарын уюштуруу (72 саттан кем эмес) - мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу институтуна (Т. ЖОРОЕВГЕ),
   - Дистанттык билим берүү борборлорун жабдуу – ЦИТОго (Р. УРАИМОВГО) жана АЧДга (А. ЗАЙНИДИНОВГО).
5. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө ОшМУнун жаңы технологиялар жана дистанттык билим берүү департаментинин директору АБАЗБЕК УУЛУ РАСУЛГА жүктөлсүн.

Негизи: ОшМУнун жаңы технологиялар жана дистанттык билим берүү департаментинин директору Абазбек уулу Расулдун билдирүүсү, ректор К.А.Исаковдун колу менен тастыкталган

**ОшМУнун ректору, профессор:** **Исаков К.А.**

Макулдашылды
Укук иштери бөлүмүнүн башчысы: А.Мойдунов
КБнын башчысы: Г. Турдубаева
Даярдаган: А. Асылбекова